# АЗЫРКЫ ҮЙ-БҮЛӨЛӨРДҮН БАШТАЛГЫЧ КЛАСС ОКУУЧУЛАРЫНЫН ОКУУ МОТИВАЦИЯСЫНДАГЫ РОЛУ

**Умурбекова Токтайым Акаевна[1], Абдылдаева Мырзайым Айжигитовна[2]**

[1]*п.и.к., психология кафедрасынын доценти*
[2]*психология багыты боюнча магистр, Ош мамлекеттик университети, Кыргыз Республикасы*
[1]*E-mail: tumurbekova@gmail.com, [1]ORCID: 0009-0000-0542-9533*

**Аннотация:** бул макалада башталгыч класс окуучуларынын окуу ишмердиги, алардын окууга болгон керектөөлөрү, кызыгуусу жана аларды окууга шыктандыруу жөнүндөгү психологиялык-педагогикалык илимий изилдөөлөр, учурдагы мамлекетте жүргүзүлүп жаткан билим берүү саясатынын башталгыч класс окуучуларынын билим алуусуна тийгизген таасири жана алардын окуу мотивациясын арттыруудагы ата-энелердин ролу талдоого алынат. Мамлекетттик жана жеке менчик билим берүү уюмдарындагы башталгыч класс окуучуларынын окууга болгон мотивациялары салыштырууга алынат. Илимий-практикалык тажрыйбалардын жыйынтыгы менен башталгыч класс окуучуларынын окуу мотивациясын арттырууда ата-энелердин ролун жогорулатуу боюнча сунуштар берилет.

**Түйүндүү сөздөр:** башталгыч класс окуучулары, окуу мотивациясы, окууга болгон керектөөлөр жана кызыгуулар, ата-энелердин ролу, билим берүү саясаты, мамлекетттик жана жеке менчик билим берүү мекемелери.

## РОЛЬ СОВРЕМЕННОЙ СЕМЬИ В УЧЕБНОЙ МОТИВАЦИИ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

**Аннотация:** в данной статье изучается психолого-педагогические научные исследования об учебной деятельности младших школьников, их потребности, интересы и мотивации; влияние соврменной политики образования государства на обучения учащихся начальных классов и роли родителей в повышении учебной мотивации. Анализируется учебная мотивация младших школьников в государственных и частных образовательных организациях. По итогам анализа научно-практического исследования дается рекомендации повышения роли родителей по улучшении учебной мотивации учащися начальных классов.

**Ключевые слова:** учащихся начальных классов, учебная мотивация, потребность и интересы к учебе, роль родителей, политика образования, государственные и частные образовательные организации.

## THE ROLE OF THE MODERN FAMILY IN THE LEARNING MOTIVATION OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS

**Abstract:** This article analyzes psychological and pedagogical scientific research on the learning activities of primary school students, their learning needs, interests, and motivation to learn. The impact of the current state education policy on the education of primary school students and the role of parents in developing their motivation to learn will be analyzed. The motivation for learning of primary school students in public and private educational institutions is compared. Based on the results of scientific and practical experience, recommendations are made to develop the role of parents in learning the motivation of primary school students to study.

**Key words:** Primary school students, learning motivation, learning needs and interests, the role of parents, educational policy, public and private educational institutions.

***Киришүү***

Бүгүнкү күндө кенже мектеп окуучуларынын окуу ишмердигин уюштуруу, аларды окууга шыктандыруу, жаны билимге кызыктыруу окутуунун натыйжалуулугун жогорулатуу мектеп мугалимдери эле эмес, ата-энелер үчүн да актуалдуу болуп турган кез. Анткени өтө тез ылдамдык менен өзгөрүп жаткан илим менен техникадагы жетишкендиктер, өзгөрүүлөр кенже мектеп окуучуларына, ал тургай мектепке чейинки курактагы балдарга да өз таасирин тийгизип жатат. Азыркы балдар айрым маалыматтар боюнча ата-энелерден мурда, алардан жакшы биле тургандыгы баарыбызга маалым. Алсак, мектепке бара элек балдар ар кандай гаджеттер аркылуу сүйлөгөндү, санаганды, окуганды, жазганды, сүрөт тартканды ж.б. алгачкы окуу ишмердигинин айрым элементтерин үйрөнүп жатышат. Ошол эле учурда мектепке барууну каалабайт, окууга кызыкпайт, башкалар менен мамиле курганды билбейт, окууга даяр эмес. Мындай карама-каршылыктын себеби эмнеде?

Д.Б.Эльконин балдардын мектепке даярдыгынын эн башкы көрсөткүчү – бул баланын социалдык мамилелерди өздөштүргөндүгүндө деп белгилейт [2].

Ал эми Л.И.Божович баланын мектепке даярдыгы анын ойлоо ишмердигинин, таанып билүүгө болгон кызыгуунун, өзүнүн таанып билүү ишмердигин жөнгө салуунун жана социалдык абалынын өнүгүү денгээлине байланыштуу экендигин баса белгилейт.

И.Ю.Кулагина, В.С.Мухина балдардын сабак окууга, деги эле окуу ишмердигине кызыгуусу алардын мектепке болгон даярдыгына түздөн-түз байланыштуу экендигин белгилешет [4,9].

Балдардын мектепке даяр болуусу алардын өнүгүү багыттарына ылайык бир нече түргө бөлүнөт:

- Денеси жактан даярдык;
- Социалдык-эмоционалдык даярдык;
- Когнитивдик (интеллектуалдык) даярдык;
- Эстетикалык-чыгармачылык даярдык;
- Психологиялык даярдык;

И.Ю.Кулагина психологиялык даярдыктын эки аспектисин белгилейт: инсандык (мотивациялык) жана интелелктуалдык даярдык. Ал эми И.В.Дубровина интеллектуалдык даярдык катары баланын акыл ишмердигинин активдүүлүгүн, таанып билүүгө болгон кызыгуунун терендигин, жаны бир нерсени үйрөнүүгө болгон аракетин эсепетейт [3].

Өз мезгилинде Д.Б.Эльконин, В.В.Давыдов окуу ишмердүүлүгү кенже мектеп окуучуларынын негизги ишмердүүлүгү болуп эсептелээрин жана төмөнкүдөй бир нече компоненттерден тураарын белгилешкен: окуу мотивациясы, окуу тапшырмалары, окуу аракеттери, текшерүү, баалоо. Кенже мектеп окуучуларынын окуу мотивациясы ички (таанып билүүгө болгон умтулуу) жана тышкы (баа алууга, баалоого, мактоого болгон умтулуу) мүнөзгө ээ болот [2].

Алардын ичинен окуучунун окууга болгон кызыгуусу (мотивация) өзгөчө маанилүү, себеби окууга болгон кызыгуу анын ийгиликтүү инсан катары калыптануусуна таасир этет, б.а. окуу жөндөмүн арттырат, өз алдынча окуу, изденүү, өнүгүү, билимге ээ болуу, өзүн-өзү баалоо, өзүн-өзү жөнгө салуу сапаттары калыптанат, окуу процессинде башка балдар жана чондор мамиле түзгөндү үйрөнөт.

Демек, кенже мектеп окуучуларынын окуу ишмердиги, анын ичинде окууга болгон кызыгуусу, алардын мектепке психологиялык, интеллектуалдык, социалдык жактан даяр болууусуна (жетилүүүснө) түздөн-түз байланышкан. Ошондуктан үй-бүлөдө ата-энелер баланы 5-6 жаштан мектепке берүүдөн мурда алардын мектепке болгон даярдыгына өзгөчө маани берүүсү зарыл.

*Изилдөөнүн методологиясы*

Учурда Кыргызстанда 12 жылдык билим берүү системасына өтүү ишке ашырылып жатат. Анын негизги максаты – билим берүүнүн заманбап стандартын иштеп чыгуу;

окутуунун методикасын жаныча өзгөртүү; ага ылайык мугалимдерди кайра даярдоо, ата-энелердин ролун күчөтүү аркылуу билим берүүнүн сапатын жогорулатуу.

Педагог-окумуштуу А.Токтомамбетовдун пикири боюнча 12 жылдык билим берүүнүн бирден бир өзгөчөлүгү "Методиканы өзгөртүү — мугалимдер окутуу усулдарын заманбап шарттарга ылайыкташтырып, окутуунун активдүү, критикалык ой жүгүртүүгө жана практикалык жөндөмдөргө багытталган моделдерин иштеп чыгышы керек; өз алдынча билим алуу жана өнүгүү — окуучуларга маалыматты жаттоо эмес, анализдөө, талдоо жана өз алдынча чечим кабыл алуу көндүмдөрүн калыптандыруу маанилүү; өзүн таануу концепциясын киргизүү — билим берүү инсандын интеллектуалдык гана эмес, эмоционалдык жана моралдык өнүгүүсүн да камсыз кылышы керек" [5, 2-бет].

Анткени менен 12 жылдык билим берүүгө өтүү башталгыч билим берүү тармагындагы мугалимдер эле эмес, ата-энелер менен кенже мектеп окуучуларынын арасында да бир топ кыйынчылыктарды жаратууда.

Аларга төмөнкүлөрдү кошууга болот:

1. Окуучулардын мектептеги окууга даяр эместиги.

А) тышкы факторлор:

- 5,6 жаштан окууга тартылуусу;
- бала бакчага барган жана барбаган балдардын бир класста окуусу;
- окуу класстарындагы өнүгүү чөйрөлөрүнүн жетишсиздиги;
- классатгы окуучулардын санынын нормадан ашыкча катталуусу (бир класста 50-60 окуучу);

Б) ички факторлор:

- окуучулардын психологиялык, интеллектуалдык жана социалдык жактан окууга даяр эместиги (жетиле электиги);
- окуу мотивациясынын төмөндүгү;

2. Ата-энелердин балдарын окутууга даяр эместиги, б.а. 12 жылдык билим берүүнүн өзгөчөлүгү менен тааныш эместиги.

3. Айрым башталгыч класс мугалимдеринин жаны система боюнча окутууга даяр эместиги.

4. Окуу-методикалык адабияттар, каражаттар менен камсыздоонун жетишсиздиги.

Жогоруда аталган факторлор кенже мектеп окуучуларынын жалпы окуу ишмердигин уюштурууга терс таасирин тийгизет. Демек, кенже мектеп окуучларынын, айрыкча мектепке жаны келген балдардын окууга болгон кызыгуусун арттыруунун жолдорун издеп табуу керек.

Өткөн кылымдын 80-жылдарында советтик педагог-новатор Ш.Амонашвили өзүнүн балдар менен иштеген көп жылдык тажрыйбасына таянып, балдарды 5-6 жаштан окутууга болоорун, себеби 7-8 жашка караганда 5-6 жаштагы балдар таанып билүүгө, изденүүгө, үйрөнүүгө, ойлоп табууга, кыялданууга, чечимдерди өз алдынча кабыл алууга кызыктар экендигин негиздеген [1,22-б.].

Ал балдарды окууга кызыктыруунун эки жолун баса белгилейт: биринчиси - мугалимдин койгон талаптарына баш ийдирүү менен сабак окутуу, экинчиси – окуучуларды өз алдынча изденүү менен дүйнө таануу, билим алуу, өзүн-өзү тарбиялоо аркылуу өнүгүүгө багыт берүү. Ш.Амонашвилинин таалим-тарбиядагы негизги принциби - гумандуулук – мугалимдин окуучулар менен болгон биргелешкен мазмундуу, эмоционалдуу, кызыктуу окуу, оюн ишмердигинен ырахат алуусуна жетишүү [1,41-б. ].

Ал эми Кыргызстандагы бүгүнкү замандын новатор педагогу Г.Мадаминов да окуу мотивациясын күчөтүү үчүн мугалим ата-энелер менен жакын мамиледе болуп, ар бир окуучунун ата-энеси менен үгүлтүксүз карым-катнаш түзүп, окуучунун ийгилигин бирге көрүп, бала менен бирге кубанып, бирге кайгырып, кызматташып туруу зарылдыгын белгилейт. Ал 1997-жылы өзүнүн "Энелер мектебин" түзгөн, бүгүнкү күндө "Ата-энелер

мектебинин программасы” (2022) иштелип чыгып, мамлекеттин бардык билим берүү уюмдарында жайылтылган [7].

Демек, окуучулардын окуу мотивациясын жогорулатуунун өзөгүн мугалим менен ата-эненин кызматташуусу түзөт.

*Изилдөөнүн жыйынтыгы*

Кенже мектеп окуучуларынын окууга болгон кызыгуусун (мотивациясын), умтулуусун жогорулатуу үчүн ата-энелер менен максаттуу иш алып баруу зарыл. Адегенде ата-энелер менен кенже мектеп курагындагы балдардын деги эле кызыгуусу эмнеде, ал кандай, кантип өнүгөт, окууга болгон кызыгуу деген эмне, аны кантип өркүндөтүүгө боло тургандыгы жөнүндө сүйлөшүп, аларга маалыматтарды берүү керек. Г.Мадаминов белгилегендей “ата-эне окумайын, бала окубайт” [7, 53].

Психологдор ата-энелер үчүн баладагы төмөнкүдөй бир нече окуу мотивдерин өнүктүрүүгө көңүл бурууну белгилейт:

- Окууга жана билимге ээ болууга умтулуу;
- Окуу ишмердигине кубануу менен катышуу;
- Окуу мезгилиндеги өз алдынча ачылыштарга аракеттенүү;
- Окуудагы ийгиликтерге жетүүгө умтулуу;
- Ээ болгон билимине карата жогорку бааларды алууга умтулуу;
- Ар кандай тапшырманы тырышчаактык менен туура аткарууга аракеттенүү;
- Мугалимдер жана классташтары менен жакшы мамиледе болууга умтулуу;
- Мектептеги тартипти сактоо көндүмдөрүнө ээ болуу;
- Өзүн-өзү көзөмөлдөө, башкара билүү, жөнгө салуу көндүмдөрүнө ээ болуу.

Адистер ата-энелер үчүн кенже мектеп окуучулары менен атайын психологиялык тест жүргүзүүнү сунуштайт. Суроолордо он көз карашты (пикирди) билдирген жооптор 3 балл, арасат ой-пикирлер –1 балл, тескери пикирлер 0 балл менен эсептелет.

25-30 балл –жогорку шыктануу;

20-24 балл – жакшы шыктануу;

15-19 балл – жагымдуу кызыгуу;

10-14 балл –төмөнкү кызыгуу;

10 баллдан төмөн – кызыгуунун жоктугу, мектепке көңүлүнүн начардыгы. Төмөндө балдар менен өткөрүлө турган сурамжылоонун мазмуну сунушталды (1-таблица).

1-таблица. Кенже мектеп курактагы балдар менен сурамжылоо жүргүзүү.

| № | Суроолордун мазмуну | Жоопторду мазмуну | | |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Сага мектепте окуган жагабы | Анча эмес | Жагат | Жакпайт |
| 2. | Эрте менен уйкудан турганда дайыма мектепке баргын келеби, же үйдө калгын келеби? | Үйдө калгым келет | Ар кандай | Мектепке баргым келет |
| 3. | Эгерде мугалим эртеге каалоочулар сабакка келбей кое берсенер болот десе, сен мектепке барат белен же үйдө калат белен? | Билбейм | Үйлө калат элем | Мектепке барат элем |
| 4. | Кээде сабактар болбой калган күндөр сага жагабы? | Жакпайт | Ар кандай | Жагат |
| 5. | Сен мугалимдер сабактан үй тапшырмасын бербей койгонун каалайт белен? | Каалайт элем | Каалабайт элем | Билбейм |
| 6. | Сен мектепте дайым эле танапис болуп турганын каалайт белен? | Каалайт элем | Каалабайт элем | Билбейм |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 7. | Сен мектепте талапты анча катуу койбогон мугалим болушун каалайт белен? | Так айта албайм | Каалабайт элем | Каалайт элем |
| 8. | Класста сенин досторун көппү? | Досторум көп | Досторум аз эле | Досум жок |
| 9. | Сенин классташтарын сага жагабы? | Жагат | Анча эмес | Жакпайт |
| 10. | (Ата-энелер үчүн суроо) – баланыз/кызыныз мектеп жөнүндө көп айтабы? | Көп айтат | Кээде айтат | Такыр айтпайт |

Бул тесттик тапшырмалардын жардамы менен үй-бүлөдө балдардын окууга болгон кызыгуусун аныктап, аларга кайсыл жагынан жардам көрсөтүүгө боло тургандыгын билүүгө болот.

Белгилүү новатор-педагогдор Ш.А.Амонашвили, А.С.Макаренко, В.А.Сухомлинский, кыргыз новатор педагогу Г.Мадаминов окуучуларды окууга кызыктыруудагы ата-энелердин ордун баса белгилешип, үй-бүлөдө балдарга материалдык жактан кам көрүү жетишсиз экендигин, алардын руханий жактан өнүгүүсүнө, сапаттуу билим алуусуна, жакшы инсан болуп калыптануусуна да кам көрүү зарылдыгын баса белгилешкен.

Окумуштуулардын изилдөөлөрүнө таянып, кенже мектеп окуучуларынын окуу мотивациясын жогорулатуунун төмөнкүдөй жолдору сунушталат:

*1. Ата-эне балага үлгү болуусу керек. Ар качан балдар үчүн эң жакшы таалим-тарбия – бул ата-энени үлгүсү.* Кыргыз элинде “Куш уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат” деген макал бар. Белгилүү педагог А.С.Макаренко белгилегендей, үйдө ата-эненин сүйлөгөн сөзү же айткан акылы эмес, анын баскан-турганы, тамак ичкени, башкаларга болгон мамилеси, жада калса кантип гезит окуганы таасир этет [8]. Бүгүнкү күндө балдардын көп убакыт бою гаджеттерде отуруусунун бирден-бир себеби да ата-энени үлгүсү.

Көпчүлүк учурда кенже класс окуучуларында математика, тил, мекен таануу, адабий окуу сабактарына карата терс мамиле пайда болуп калат, себеби дароо түшүнө албайт, тапшырмаларды аткара албайт, шар окуй албайт, окуганын түшүнө албайт ж.б. Мындай учурда үй-бүлөдөгү чондордун бала менен бирге китеп окуусу, ар кандай өнүктүрүүчү оюндарды ойноосу, ыр, табышмак, макал-лакаптардын конкурсун уюштуруу, кызыктуу белектерди берүү сыяктуу ыкмалар өз жемишин берет.

*2. Бала менен бирге жалпы кызыкчылыктарды табуу.* Кээ бир балдар эрте жаштан эле жаратылышка, жаныбарларга, техникага, кол өнөрчүлүккө, сүрөткө, конструкцияларды же пазлдарды курууга, роботторго ж.б. кызыгат. Баланын кызыкчылыгын билген ата-эне так ошол кызыгуу аркылуу окууга болгон умтулуусун өнүктүрө алат. М: пазлдарды чогултуу, роботторду иштетүү, сүрөт тартуу аркылуу ойлоо амалдарын өстүрүү менен тил, математика же башка сабактарга кызыгуусун өнүктүрө алат. Ата-энелер гаджеттерди пайдалуу жакка колдонууну өздөштүрүү аркылуу да баланы окууга кызыктырууга болот. Өнүктүрүүчү программаларды табуу, пайдалуу оюндарды көчүрүп берүү, телефон кармоонун убактысын макулдашуу ж.б..

*3. Баланын тентуштары менен жагымдуу жана пайдалуу карым-катнаш уюштуруу, б.а. социалдык чөйрөнү түзүп берүү.* Баланы эрте жаштан ар кандай ыр-бий, шахмат-шашки кружокторуна, спорттук секцияларга катыштыруу алардын өзүн-өзү таанып билүүсүнө шарт түзөт; өз алдынчалыгын бекемдейт, жоопкерчилигин арттырат, сабак окууда да башкалардан артта калбай аракеттенүүсүнө түрткү болот.

*4. Кенже мектеп окуучусунун күн тартибин туура жана максаттуу бөлүштүрүүгө көмөктөшүү.* Ата-эне баланы бекер койбостон, алар үчүн жакшы чөйрө түзүүгө аракеттенүүсү зарыл. Бирок уюштурулган иш аракеттер балага физиологиялык, психикалык, интеллектуалдык же социалдык жактан оор келбей турган болуусу шарт. Мисалы, жеке менчик мектептерде сабак жана сабактан тышкаркы иштерди пландаштырууа окуучулардын кызыкчылыгы эске алынат, ар кандай кружоктор уюштурулат, чакан топтордо биргелешип иштешет, өз оюн эркин айтууга үйрөнүшөт, социалдык көндүмдөр калыптанат. Ал эми класстагы окуучулардын саны 50-60га жеткен мамлекеттик мектептерде ар бир сабакта жооп

берүү, же чакан топтордо иштөө, окуучулардын билимин баалоо, көзөмөлдөө дайым эле ишке аша бербейт. Ошондуктан ата-энелер айрыкча 1-класста баланын күн тартибин туура уюштуруп, бала менен бирге окуп, аны көзөмөлдөп, окууга шыктандыруу зарыл.

5. *Башталгыч класста окуган балдардын ийгилигин баалоо үчүн үй-бүлөдө белгилүү бир эталондор болуш керек*. Мисалы, жыл бою жалан 4-5 деген бааларга окуган болсо үй-бүлө менен бирге музейлерге, жайкы эс алуу лагерлерине, экскурсияларга, саякаттарга баруу. *Азыркы учурда ата-эне менен бирге убакыт өткөрүүнүн өзү эле балдар үчүн чон бакыт.* Ата-эне балдарды ансыз да алып барат, бирок баланы кайсы бир жакшы ишмердиги же аракеттери үчүн баалоо, алардын окууга болгон кызыгуусун, умтулуусун, жоопкерчилигин күчөтөт. Мисалы, сулуу жазылган кол жазма, жакшы жазылган эсселер, тартылган сүрөттөр, жакшы түзүлгөн викториналар, кроссворддор үчүн балага сыйлык берүү. Майда-барат үчүн берилген акчаны чогултуп, уюлдук телефон, самокат, велоспиед, планшет ж.б. жактырган буюмдарын алууга кошумча акча берүү ж.б. Балдарды мындай туура, максаттуу мактоо, баалоо кенже класcты аяктаганга чейин туруктуу көндүмдөргө айланат, окуу ишмердигинде эле эмес инсан катары өнүгүүсүндө да жакшы натыйжа берет.

*6. Баладагы эмоционалдык интеллекти өнүктүрүүчү кырдаалдарды түзүү*. Үй-бүлө мүчөлөрү менен бирдикте жаны ачылыштарга алып келүүчү шарттарды ойлоп табууга болот. Мисалы, балдар кээ бир чондорго (айрыкча чон ата - чон энелерге) караганда гаджеттерди жакшы билишет, колдонушат, чондорду тан калтыра алышат. Азыркы билим берүүнүн STEM, STEAMS, 5E технологияларын колдонуу менен сабактарда ар кандай тапшырмаларды аткарууда ачылыштарды жасай алышат. Мектепте болгон жанылыкты үйүнө айтып келишет, өздөрүнүн же тентуштарынын ийгиликтерине тан калуу, суктануу, мактануу, ыраазы болуу сезимдери ойгонот. Биргелешип иштегенди үйрөнүшөт, топтордо иштөө, бири-бирине жардамдашуу, колдоо көрсөтүү, бири-бирин угуу, өзүн уктура билүү көндүмдөрү бекемделет, ар кандай ачылыштан ырахат алганды өздөштүрөт. Эмоционалдык интеллект өз учурунда балдарды окууга кызыктыруунун натыйжалуу фундаменти боло алат.

*7. Окууга кызыктыруунун душманы окуучуларды, деги эле балдарды бири-бирине салыштыуруу.* А.В.Сухомлинский айткандай, баланын турган турпаты менен, кандай болсо ошондой кабыл алуу керек [8]. Айрыкча ата-энелердин “тигинин баласын карачы, мунун баласын карачы” деген сөздөрү балдарга эч кандай кызыгууну пайда кылбайт, тескерисинче жек көрүү, таарынуу, кемсинүү, баш тартуу сезимдерин күчөтөт. Ошондуктан ата-энелер кенже мектеп окуучуларынын окуу мотивациясын арттыруудан мурда ар бир баланы жеке өзгөчөлүгү, жеке шык-жөндөмү, кемчилиги, артыкчылыгы, мүмкүнчүлүгү менен кабыл ала билүүсү шарт.

*Тыянак*

Демек, кенже мектеп окуучуларынын окуу ишмердигин уюштуруу, аларды окууга шыктандыруу, жаны билимге кызыктыруу аркылуу окутуунун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн мектеп мугалимдери ата-энелер менен тыгыз байланышта болуп, алардын билим денгээлин жогорулатууга көмөк көрсөтүүсү зарыл. Билим берүү уюмдарында ата-энелер мектебин уюштуруу, аны максатка ылайык иштетүү ата-энелердин балдардын окуусуна болгон кызыгуусун жана жоопкерчилигин арттырат, үй-бүлөдө билим алууга болгон көз караштты жакшы тарапка өзгөртөт, кенже мектеп окуучуларынын ийгиликтүү окуусуна түрткү берет, сапаттуу билим алуусуна, инсандык сапаттардын калыптануусуна өбөлгө түзөт.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Амонашвили Ш.А. 'Здравствуйте дети!' - Москва: 'Просвещение', 1983 - с.208.
2. Вопросы психологии учебной деятельности млдаших школьников. Под ред. Д.Б.Эльконина, В.В.Давыдова. – Москва: Издательство Академии пед.наук РСФСР, 1962.
3. Дубровина И.В. [и др.]. Детская психология: учебник для среднего профессионального образования — 5-е изд., испр. и доп. — Москва: Издательство Юрайт, 2025. — 169 с. URL: https://urait.ru/bcode/559060

4. Кулагина И.Ю. Возрастная психология: развитие ребенка от рождения до 17 лет. / Университет Россиской академии образования. 5-е издание. –М. Изд-во УРАО. 1999. -175с.
5. Кыргызстандагы 12 жылдык билим берүү – алдыга кадам. Кут билим, Бишкек, 2025-жыл, 13-март https://kutbilim.kg/analytics/inner/12-zhyldyk-bilim-ber-aldyga-kadam/
6. Кыргыз Республикасында он эки жылдык мектептик билим берүүгө өтүү концепциясы (КРнын Министрлер Кабинетинин № 654 токтому, 30.10.2024) https://edu.gov.kg/posts/3614/
7. Мадаминов Г. Ата-энелер сиздер үчүн. (Эксперименттик тажрыйбалардын негизинде жазылды). – Бишкек. 2014. -117б.
8. Макаренко А.С. Книга для родителей. Составитель: С.С.Невская Издательство ИТРК, 2014. -55с.
9. Мухина В.С. Возрастная психология: феноменология развития, детство, отрочество: учебник. Серия высшее образование. Издательство: Академия, 2003. ISBN 5-7695-0408-0
10. Сухомлинский В.А. Сердце отдаю детям Издание четвертое Издательство «Радянська школа» Киев 1973. -154с. https://little.com.ru/media/files/1460702288-526.pdf